**ЖАКТЫРЫЛДЫ**

**Окумуштуулар кеңеши**

**«26» 02 2025-жыл**

**Протоколдун № 6**

**БЕКИТЕМ**

**Ректордун м.а.**

**Э.Саргашкаев**

**«__» __ 2025-жыл**

**САПАТТЫ БАШКАРУУ ТУТУМУ**

**ЖАЛПЫ УНИВЕРСИТЕТТИК ЖОБО**

**«КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫ», «КЫРГЫЗСТАНДЫН ГЕОГРАФИЯСЫ», «КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ» ПРЕДМЕТТЕРИ БОЮНЧА ДИСЦИПЛИНАЛАР АРАЛЫК ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ**

**СБТ ЖЖ 1.25-2025**

**Чыгарылыш 1**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин бардык багытындагы экинчи (күндүзгү), үчүнчү (сырттан окуу) жана бүтүрүүчү курстарынын студенттерин дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону уюштуруунун тартибин жөнгө салат.

1.2. Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-майындагы №258 токтому менен бекитилген"Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндө" жобосунун негизинде жана Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (2021-ж.) иштелип чыккан.

1.3. Мамлекеттик аттестациянын максаты - студенттердин кесиптик милдеттерди аткарууга даярдыгынын деңгээлин жана аларды даярдоонун мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келүүсүн белгилөө болуп саналат.

1.4. «Кыргызстандын тарыхы», «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын географиясы» дисциплиналары боюнча мамлекеттик аттестация университетте бардык негизги жогорку билим берүү программалары боюнча өткөрүлөт.

## 2. Мамлекеттик аттестациянын формалары жана мөөнөттөрү

2.1. "Кыргызстан тарыхы", "Кыргыз тили жана адабияты", "Кыргызстандын географиясы" предметтерин өздөштүргөн экинчи (күндүзгү), үчүнчү (сырттан окуу) жана бүтүрүүчү курстун студенттерин мамлекеттик аттестациялоо компьютердик тестирлөө түрүндө өткөрүлөт.

2.2. «Кыргызстандын тарыхы», «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын географиясы» дисциплиналары боюнча мамлекеттик аттестация милдеттүү болуп саналат жана кыргыз жана/же орус тилдеринде жүргүзүлөт.

2.3. Компьютердик тестирлөөнүн суроолорунун саны окуу планына ылайык сабактардын кредиттерине карата аныкталат: «Кыргызстандын географиясы» боюнча - 10 суроо, «Кыргызстан тарыхы» боюнча - 20 суроо, «Кыргыз тили жана адабияты» боюнча - 30 суроо.

2.4. Компьютердик тестирлөөнүн жалпы узактыгы суроолордун санына карата 2 саат : «Кыргызстандын географиясы» боюнча - 20 мүнөт, «Кыргызстан тарыхы» боюнча - 40 мүнөт, «Кыргыз тили жана адабияты» боюнча - 60 мүнөт.

2.5. Ар бир мамлекеттик аттестациялык сынактын жыйынтыгы 5 - "эң жакшы", 4 - "жакшы", 3 - "канааттандырарлык", 2 - "канааттандырарлык эмес" деген баалар менен аныкталат.

2.6. Оң бааны жогорулатуу максатында жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны кайрадан тапшырууга жол берилбейт.

2.7. Студенттерди мамлекеттик экзаменге даярдоо үчүн жыйынтыктоочу аттестацияга берилген дисциплина боюнча кароо лекциялары уюштурулуп, топтук консультациялар өткөрүлөт.

2.8. Дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу аттестация аттестациялоонун графигинде белгиленген мөөнөттөрдө жүргүзүлөт.

2.9. Аттестацияны алуу графиги дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик комиссиянын иши башталганга чейин бир ай мурда бекитилет жана студенттердин жана комиссиянын мүчөлөрүнүн назарына жеткирилет.

2.10. Жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолорду кайталап тапшыруу жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан биринчи жолу өткөндөн кийин үч айдан эрте эмес жана беш жылдан ашпаган мөөнөттө белгиленет.

2.11. Жыйынтыктоочу аттестация сынагын кайталап тапшырууну университет эки жолудан ашык дайындай албайт.

2.12. Жүйөлүү себептер боюнча (медициналык, үй-бүлөлүк жагдайлар боюнча, документтештирилген) дисциплиналар аралык аттестациялык сынактан өтпөгөн адамдарга ЖОЖдон чыгарылбастан жыйынтыктоочу аттестациядан өтүүгө мүмкүнчүлүк берилиши керек.

## 3. Мамлекеттик аттестациянын катышуучулары

3.1. «Кыргызстандын тарыхы», «Кыргызстандын географиясы», «Кыргыз тили жана адабияты» дисциплиналары боюнча мамлекеттик аттестациядан өтүүгө бардык багыттагы экинчи (күндүзгү), үчүнчү (сырттан окуу) жана акыркы курстун студенттери, тиешелүү деңгээлдеги бардык окуу планын аяктаган, академиялык карызы жана төлөм карызы жок студенттерине уруксат берилет.

3.2. Мамлекеттик аттестацияга киргүүгө уруксат алган студенттердин тизмеси университеттин ректорунун буйругу менен бекитилет жана дисциплиналар аралык аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнө ишке киришээр алдында берилет.

## 4. Дисциплиналар аралык мамлекеттик аттестациялык комиссия

4.1. «Кыргызстандын тарыхы», «Кыргызстандын географиясы», «Кыргыз тили жана адабияты» предметтеринен аттестация өткөрүү үчүн атайын комиссия түзүлөт. Анын курамына иш берүүчүлөр (ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын адистери), ошондой эле ар бир тиешелүү кафедранын өкүлдөрү жана маалыматтык технологиялар бөлүмүнүн адиси кирет.

4.2. Дисциплиналар аралык мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагасы болуп ЖОЖдо иштебеген, потенциалдуу иш берүүчү- ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын өкүлү, ал эми алар жок болгон учурда тиешелүү профилдеги илимдин доктору же кандидаты болууга тийиш.

4.3. Дисциплиналар аралык мамлекеттик аттестациялык комиссия бир календардык жыл бою иштейт.

4.4. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын негизги функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

- студенттин даярдыгынын мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайыктуулугун комплекстүү баалоо жана анын «Кыргызстан тарыхы», «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын географиясы» дисциплиналары боюнча даярдыгынын деңгээлин аныктоо;
- студенттерди даярдоонун сапатынын жалпы деңгээлин талдоо, дисциплиналар аралык мамлекеттик аттестациялык комиссиянын ишинин жыйынтыгы боюнча студенттерди даярдоону жакшыртууга багытталган сунуштарды иштеп чыгуу;
- отчетту өз убагында даярдоо жана анын корутундусун университеттин окуу бөлүмүнө тапшыруу.

4.5. Мамлекеттик аттестациялык комиссияны, комиссиянын ишин уюштурган жана контролдоочу жана студенттерге карата талаптардын бирдейлигин камсыз кылган, төрага жетектейт.

4.6. Дисциплиналар аралык мамлекеттик аттестацияны өткөрүү комиссиясынын ишин камсыз кылуу үчүн анын катчысы, тиешелүү кафедралардын профессордук-окутуучулар курамынын, окутуучулук- көмөкчү кызматкерлеринин ичинен дайындалат.

4.7. Комиссиянын ишинин негизги формасы болуп жыйналыштар саналат. Жыйналыштар, аларга комиссиялардын мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышкан убакта гана, укуктуу болуп саналат.

4.8. Комиссиялардын чечимдери жыйналышка катышкан комиссия мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштардын саны бирдей болгон учурда төрагалык кылуучу чечүүчү добушка ээ.

4.9. Комиссиянын чечимдери протоколдор менен таризделет.

Комиссиянын жыйналыштарынын протоколдоруна төрага, комиссиялардын мүчөлөрү жана катчы кол коет.

4.10. Комиссиянын ишинин отчету жана катышуучулардын аттестациялык тесттеринин жыйынтыктарынын протоколдору университеттин архивинде сакталат.

## 5. Дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактын жыйынтыгы боюнча апелляциялык комиссия

5.1. Студент, анын пикири боюнча, мамлекеттик аттестациялык сынакты өткөрүүнүн белгиленген тартиби бузулгандыгы же мамлекеттик аттестациялык сынактын натыйжалары менен макул эместиги жөнүндө апелляциялык комиссияга арыз берүүгө укуктуу.

5.2. Университетте апелляциялык комиссия түзүлүп, анын төрагасы болуп окуу иштери боюнча проректор дайындалат. Комиссиянын курамына профессордук-окутуучулук

курамга кирген, тиешелүү дисциплиналарды окутууда тажрыйбасы бар жана дисциплиналар аралык мамлекеттик аттестациялык комиссиянын курамына кирбеген адамдар кирет.

5.3. Комиссиянын төрагасы апелляциялык комиссиянын ишин уюштурат жана көзөмөлдөйт.

5.4. Комиссиянын ишинин негизги формасы болуп жыйын саналат. Жыйналыштар, ага комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышкан учурда гана, укуктуу болуп саналат.

Жыйындарды комиссиянын төрагасы алып барат. Комиссиянын чечимдери жыйналышка катышкан комиссия мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштардын саны бирдей болгон учурда төрагалык кылуучу чечүүчү добушка ээ.

Комиссия кабыл алган чечимдер протоколдор менен таризделет. Комиссиянын жыйналыштарынын протоколдоруна төрага, комиссиялардын мүчөлөрү жана катчы кол коет.

5.5. Апелляция апелляциялык комиссиянын жыйналышында даттануу берилген күндөн тартып 2 жумушчу күндөн кечиктирбестен каралат.

5.6. Апелляциялык комиссиянын чечими комиссиянын отуруму өткөрүлгөн күндөн тартып эки жумушчу күндүн ичинде апелляция берген студенттин назарына жеткирилет. Апелляцияга берилүүчү студент апелляциялык комиссиянын чечими менен таанышкандыгы студенттин колу менен күбөлөндүрүлөт.

5.7. Апелляциялык комиссиянын чечими акыркы болуп саналат жана кайра каралышы мүмкүн эмес.

5.8. Жыйынтыктоочу аттестациялык сынакты кайра тапшырууда апелляция кабыл алынбайт.